| | |
|---|---|
| "Макулдашылды"<br>ОшТУнун ОПУжББС департаментинин<br>директору, доцент Айтиев М.А.<br>_________ "_01_" _09_ 2017-ж. | "Бекитемин"<br>ОшТУнун окуу иштери<br>боюнча проректору, профессор<br>Мансуров К.Т.____________<br>"_01_" __09__ 2017-ж. |

# Технология жана жаратылышты пайдалануу факультетинин 2017-2020-жылдарга карата өнүктүрүү программасы

1. Факультеттин студенттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн билим деңгээлин, сапатын жогорулатуу керек. Ал үчүн, биринчи кезекте мектептердин бүтүрүүчүлөрү менен кесипке багыт берүү жумуштарын жандандыруу, базалык мектептерди уюштуруу жана бул мектептер менен ар дайым тыгыз байланышта болуп туруу керек. Мындан сырткары 1-2-курстарды окуткан кафедралар менен биргеликте студенттердин билим сапатын жогорулатуу боюнча иш чараларды, үзгүлтүксүз көзөмөлдөө системасын иштеп чыгуу керек. Студенттердин окууга кызыгуусун арттыруу максатында билим берүүнүн заманбап усулдарын (компьютердик, инновациялык технологияларды, интерактивдүү окутуу ыкмаларын, ж.б.) колдонууга шарттарды түзүп берүү керек.
2. Студенттердин арасында тарбиялык иштерди, сабактан сырткаркы иш-чараларды кескин жандандырып, кызыктуу жана көңүлдүү өтүшүн камсыздоо зарыл. Мында кураторлордун ролун арттырып, мүмкүн болсо 1-2-курстардын кураторлоруна кураторлук үчүн акча төлөө маселесин көтөрүү керек.
3. Профессор-окутуучулар жамаатынын үзүрлүү эмгектенүүсү үчүн жумушчу орундарында бардык шарттарды түзүп берүү керек. (Мисалы, кээ бир кафедралардын окутуучулар каанасында табигый жарык жетишсиз, кышында суук, компьтер жетишпейт. ОшТУнун жертөлөсүндө жайгашкан кээ бир лабораториялар кышында суук, сыз болсо, жайкысын аба жетишпейт, б.а. санитардык нормаларга жооп бербейт.)
4. Лицензиялык талаптарды эске алуу менен профессор-окутуучулар жамаатынын сапатына өзгөчө көңүл бөлүү зарыл,

негизинен факультеттин илимий иштерди аткарып жүргөн магистранттарына, аспиранттарына жана докторанттарына ар тараптан колдоо көрсөтүп, диссертацияларын тезиреек жактоосуна көмөктөшүү керек. Жеишпеген учурда илимий даражасы бар адистерди сырттан чакыруу маселесин да көңүлдөн сырткары калтырууга болбойт.

5. Акыркы жылдарда студенттердин саны, төлөнгөн акчанын көлөмү боюнча алдыңкы факультеттердин бири болгондугуна карабастан, факультеттин материалдык-техникалык базасы көзгө көрүнөөрлүк даражада жаңыланган, бекемделген жок. Дээрлик бардык кафедралардагы окуу-усулдук каражаттар, лабораториялык жабдыктар, приборлор, оргтехника моралдык да физикалык да эскилиги жеткендигине байланыштуу жаңылоого муктаж.
6. Унивеситетибиздин финансылык каражаттарын үнөдөө максатында интеграцияланган (ортоктош) лабораторияларды (мис. ХиХТ, ГПИ, ЭиООС жана ТПиСХП кафедралары үчүн жаңы үлгүдөгү жабдыктар, приборлор менен жабдылган химиялык лаборатория) компьютердик класс, окуу-өндүрүштүк базаларды, ж.б. уюштуруу зарыл.
7. Адистиктердин аталыштарын, санын бүгүнкү күндөгү аймактык жана рыноктук шарттарга ылайык карап чыгып, перспективасыз адистиктерди жаап, заманбап жаңы адистиктерди ачууну изилдөө керек.
8. Ар түрдүү ишканалар, уюмдар, жана чарбалар менен чарбалык келишимдерди түзүү, эл аралык уюмдар менен активдүү иштешүү аркылуу фаультетте жана кафедраларда окутуучуларга жана студенттерге кошумча каражат табуу булактарын уюштуруу зарыл.
9. Деканаттын ишин коллегиалдуулук, демократиялуулук, жана айкындуулук принциптеринин негизинде алып баруу, бардык кызматкерлерге бирдей тегиз мамиле жасоо, милдеттерин аткаруусун принципиалдуулук менен талап кылуу керек.
10. Факультеттеги, кээ бир кафедралардагы моралдык-психологиялык климатты жакшыртуу аркылуу факультет жамаатынын ынтымагына, биримдүүлүгүнө жтишүү.
11. Факультеттеги адистиктердин дээрлик бардыгы Кыргызстандын экономикасы, келечеги үчүн чоң мааниге ээ болгон уникалдуу адистиктер б.с. Ошондуктан факультетке бюджеттик орундар салыштырмалуу жакшы бөлүнөт. Бюджеттик орун бөлүнбөгөн адистиктерге орун бөлүштүрүү боюнча тийиштүү министирликтер, уюмдар менен иш жүргүзүү керек. Мында дагы бир чоң проблема бар - ал

бюджеттик негизде окуган студенттерибиздин 1-2- курстардан кийин башка факультеттерге которулуп кетүүсү. Менин оюмча, муну токтотууга болот – которула турган студентке материалдык жана моралдык айып салуу системасын иштеп чыгып, ОшТУнун Окумуштууларкеңшине сунуш кылуу керек.

ТжЖП факультетинин деканы,
х.и.к., профессор Жорокулов Д.А.